Педагогикалык кеңешме

Токтом №1

25.08.2022-жыл

Бекитемин

Мектеп директору

И.К.Парпиев

**№35 Ш.Суеркулов атындагы орто мектеби**

**Жаш өрт өчүрүүчүлөр дружинасы жөнүндө жобо**

**1.Жалпы жоболор**

1. 1.Кыргыз Республикасынын ” Өрт коопсуздугу жөнүндөгү” Мыйзамынын 1.08.2003-ж. №167,7- июнь2016-ж. №78 негизинде мектепте окуучулар арасында жаш өрт өчүрүүчүлөр ыктыярдуу дружинасы түзүлөт.Жобонун максаты: өрт учурунда жана өрттү алдын алууга багытталган окутууларды жүргүзүү,өрт-техникалык билимдерди пропагандалоо жана ишке ашыруу, кесиптик багыт берүү,мекенчилдик,атуулдукка тарбиялоо.

**2.Жаш өрт өчүрүүчүлөрдүн милдеттери**

2. 1.Өрт өчүрүүдө балдарды жарандык позициясын активдештирүү жана коомдук аң-сезимин калыптандыруу;

2. 2.Өрт коопсуздугун камсыздоо жана балдардын өрт коопсуздугу боюнча билимин өстүрүү;

2.3. Өрт учурунда жарандарды жана мүлктөрдү сактоо,практикалык жардам берүү;

2.4.Өрт коопсуздугу жаатындагы көп аспектүү маселелерди чечүүдө коомдук мамилелердин социалдык структурасына балдарды кошуу;

2.5.Өрт учурунда 1-жардамды адамдарга берүү,өрт өчүрүү боюнча билген негизги билимдерин, билгичтиктерин,көндүмдөрүн колдонуу;

2.6.Өрт коопсуздугу боюнча массалык-маалымат каржаттарын колдонуу, тематикалык дубал газеталарды , маалыматтарды чыгаруу. Басылып чыккан маалыматтарды таркатуу;

2.7.Балдарга кесиптик багыт берүү;

2. 8.Аскердик-спорттук оюндарга,кароо-сынактарга, тематикалык көргөзмөлөргө уюштуруу жана катышуу;

2.9. ӨКМ аймактык бөлүмдөгү инспекторлор,насаатчы, жетекчилердин астында:

2.9.1.Өрт чыкканда жаш өрт өчүрүүчүлөрдүн даярдыгын көрсөтүү;

2.9.2.Жаш өрт өчүрүүчүлөрдүн командасынын кесиптик,чыгырмачылык жана спорттук даярдыгын колдоо;

2.9.3. 1-өрт өчүрүүчү каражаттар менен практикалык көндүмдөр жана билгичтиктерин алуу;

2.9.4. Өрт өчүрүүчү-куткаруучу спорттук мелдештерге катыштыруу;

2.9.5. Өрт өчүрүүчү каражаттар,техника, жабдыктар менен тааныштыруу;

2.9.6.Тематикалуу сынактарга, олимпиада, викториналарга катышуу;

2.9.7.Жыйындарды, тематикалык экскурсия,жүрүштөр,рейддер, спорттук оюндар, фестивалдарды уюштуруу жана өткөрүү;

2.9.9.Мектепке чейинки жана башталгыч класстар жашындагы балдарга тематиткалык аткарууларды уюштуруу;

2.9.10.Өзү жашаган райондун өрт коопсуздугунун түзүлүш тарыхы боюнча материалдарды топтоо;

2.9.11.Өрт өчүрүүчү-куткаруучу ветерандар менен жолугушууларды уюштуруу;

2.9.12.Өрт өчүрүүчү-техникалык моделирование боюнча ийримдерди уюштуруу,балдардын техникалык чыгармачылыгын өнүктүрүү;

2.9.13.Өрт өчүрүүчү ветерандарга шефтик көмөк көрсөтүү;

**3.Жаш өрт өчүрүүчүлөр дружинасынын иштерин уюштуруу жана структурасы.**

3.1.10-18 жашка чейинки курактагы окуучулар дружинанын мүчөлөрү боло алышат;

3. 2.Дружинанын мүчөлөрү 10 окуучудан кем болбошу керек,дружина отряд. Звенолорго бөлүнө алат;

3.3.Дружинанын мүчөлөрү оозеки арыздын негизинде кабыл алынат;

3.4.Жаш өрт өчүрүүчүлөргө план, программанын негизинде сабактар өткөрүлөт;

3.5.Мектептин өзүн-өзү башкаруу уюмунун негизинде Жаш өрт өчүрүүчүлөр дружинасы ишин жүргүзөт.ЖӨӨ дружинасынын жогорку органы болуп дружинанын жалпы жыйыны эсептелет.

Дружинанын жалпы жыйыны төмөнкүдөй учурда чогулат:

- ЖӨӨ кеңешмесин шайлоодо;
- дружинанын иш планын бекитүүдө;
- жаңы дружина мүчөлөрүн кабыл алууда;

3.6.Дружинанын кеңешинин ишине командир жана командирдин орун басары шайланат.

3. 7.ЖӨӨ дружинасында активдүү иштегендер граммоталар, белектер менен сыйлана алат.

4. **Жаш өрт өчүрүүчүлөр дружинасынын милдеттери жана укуктары.**

4.1.ЖӨӨ дружинасынын мүчөсү төмөнкүлөргө милдеттүү:

4.1. 1.Ар бир дружинанын мүчөсүнүн милдеттерин жана укуктарын билүүгө,Жободогу талаптарды билүүгө жана аткарганга;

4.1.2.Жаш өрт өчүргүч наамы жана урматы менен сыймыктанат;

4.1.3.Дружинанын кеңешмесинин жана анын командиринин тапшырмаларын өз убагында так аткарат, дружинанын иштерине активдүү катышат;

4.1.4.Өрт коопсуздугунун тарыхын үйрөнүп, билүүсү керек.Өзүнүн билим жана физикалык деңгээлин жана өстүрөт.

4.1.5.Окуучулар арасында өрт коопсуздугу боюнча түшүндүрүү иштерин жанапрофилактикалык иштерди жүргүзөт.

4.1.6. Окуучуларды өрт коопсуздугу боюнча шефтикке алат.

4.2.ЖӨӨ дружинасынын мүчөсү төмөндөгүлөргө укуктуу:

4. 2.1. Дружинанын жетекчисин шайлайт жана шайлана алат;

4.2.2.Дружинанын ишин жакшыртууга тийешелүү багыттагы маселелерди чечүүгө,ишти жакшыртуучу сунуштарды киргизүүгө;

4.2.3.Дружина өрт коопсуздугу жаатындагы маселелер боюнча консультация жана жардамды КР ӨКМ райондук бөлүмүнөн алат;

4.2.4.Спорттук-массалык иш-чараларда,слеттордо жаш өрт өчүрүүчүлөрдүн формасын, отряддын атрибутун алып жүрүшөт;

4.2.5. Өрттөн - коргоочу спорттук мелдештерге,сынактарга,көргөзмө, викториналарга катышат;

**5.Жаш өрт өчүрүүчүлөрдүн ишин жетектөө.**

5. 1.ЖӨӨ дружинасын КР ӨКМ кординациялык-методикалык кеңеши,штаб,мектептин өзүн-өзү башкаруу уюму жетектейт.

5.2.ЖӨӨ дружинасынын кеңешинин жетекчиси, орун басары, катчысы жана мүчөлөрү үч жылда бир жолу шайланат.

5.3.ЖӨӨ дружинасынын иши боюнча координациялык-методикалык кеңештин иши:

5.3.1. Методикалык, консультациялык, уюштуруучу, координациялык иштерди жүргүзөт.

5.3.2.ЖӨӨ дружинасынын иштерине, ийримдерин уюштурууда жардам берет.

5.3.3.ЖӨӨ дружинасынын ишинин алдыңкы тажрыйбасын жалпылайт, таркатат.

5.3.4.Район аралык маанадеги өрт коопсуздугу темасындагы иш-чараларга катышат.

5.3.5.Кароо-сынактарды,викторина, өрттөн- коргоочу иш-чаралардын программаларын иштетип чыгарат.

5.3.6.”Турмуш- тиричилик коопсуздугу” боюнча мугалимге жардам берет.

5.3.7.Жаш өрт өчүрүүчүлөрдү даярдоонун программасын иштетип чыгат.

**6.Материалдык-техникалык жактан жаш өрт өчүрүүчүлөрдү камсыздоо**

6.1.Мыйзам чек койбогон булактар аркылуу жаш өрт өчүрүүчүлөрдүн ишмердүүлүгү каржы,материалдык-техникалык жактан камсыздалат.

6.2.Материалдык  каражаттар ЖӨӨ дружинасынын ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө багытталат.

6.3.ЖӨӨ дружинасынын формасы ата-энелер, демөөрчүлөр тарабынан даярдалат.